РОССИЯДАГЫ КОРОНАВИРУС ПАНДЕМИЯСЫ УЧУРУНДА ЧЕТ ЭЛДИК ЖАРАНДАРДЫН ЖАНА ЖАРАНДЫГЫ ЖОК АДАМДАРДЫН АБАЛЫ

(РФ Президентинин 18.04.2020-жылдагы “Коронавирустук инфекциянын (COVID – 19) андан ары жайылуу коркунучуна байланыштуу РФтеги чет элдик жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын укуктук абалын жөнгө салуу боюнча убактылуу чаралар жөнүндө” Жарлыгын чечмелөө)

1) Чет элдик жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн убактылуу жүрүү, убактылуу жана туруктуу жашоо мөөнөттөрү 15.03.2020дан 15.06.2020га чейин узартылат.

2) Жаракту мөөнөттөрү жогоруда көрсөтүлгөн мезгилде аяктаган патенттер менен иштөөгө берилген уруксаттардын жаракту мөөнөтү 15.03.2020дан 15.06.2020га чейин узартылат.

3) Чет элдик жарандар менен жарандыгы жок адамдарга кайсы документи болбосун узартуу үчүн эч кандай кошумча иш-аракеттерди жасоонун кажети жок!!! Эгер кайсы бир текшерүүчү же көзөмөлдөөчү органдардан мындай талаптар айтылса – БУЛ МЫЙЗАМСЫЗ!!!

4) РФтен тышкары жактарда жүргөн жана убактылуу жүрүүгө, убактылуу жашап турууга уруксаты бар адамдар үчүн – бул документтердин жаракту мөөнөтү да 15.03.2020дан 15.06.2020га чейин узартылат.

5) Иштөөгө уруксаты же патенти жок чет элдик жарандар менен жарандыгы жок адамдар (РФке келүү максаты кандай экендигин карабастан) эмгек ишмердигин жогоруда көрсөтүлгөн документтерсиз эле 15.03.2020дан 15.06.2020га чейин жүргүзүүгө укуктуу.

6) Иш берүүчүлөр чет элдик жарандардын эмгегин өз ишмердигине пайдаланууга уруксаты бар болсо, чет элдик жарандарды ишке тартса болот.

5) 15.03.2020дан 15.06.2020га чейин чет элдик жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга карата чыгарып салууга/депортацияга/реадмиссияга байланышкан административдик таасир этүүнүн каалагандай чараларын колдонууга тыюу салынат.

Улуттар аралык маалыматтык борбордун ишеним телефондору:

Жалпы +7 922 2702070

Таджик тилинде +7 982 7692193

Узбек тилинде +7 966 7070102

Кыргыз тилинде +7 912 2928333